**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**“Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган Протокол №1 “10” 09 2026-ж.**

**БЕКИТЕМ Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор К.Ж.Усенов “10” 09 2026-ж.**

# Окуу-методикалык комплекс жөнүндө ЖОБО

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2026-жылдын 10-сентябрындагы №1-протоколу менен өзгөртүү ,толуктоолор киргизилди.

Манас 2026

## 1.Жалпы жоболор:

**1.1**. КРнын Министрлер Кабинетинин 2024 -жылдын 24-сентябрындагы, № 590 жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтомдоруна ылайык, ЖАМУнун “Билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтингдик системасы жөнүндөгү” жобосуна “ЖАМУнун студенттерин учурдагы текшерүү жана орто аралык аттестацияны жүргүзүү жөнүндөгү” жобосунуна, “ЖАМУнун студенттеринин билимин компьютердик тестирлөө аркылуу текшерүү жөнүндөгү жобосуна” ”Студенттердин өз алдынча иштерин аткаруу” жобосуна, “Модулдарды, сынактарды алуу үчүн тесттик тапшырмаларды түзүү ”жобосуна ”Дисциплинанын (модулдун), жумушчу программасы жөнүндө” жобого ылайык,”Окуу усулдук комплекс жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилди.

**1.2.** Жакшы түзүлгөн ОМК — бул мугалим жок болуп калган учурда же алмашса дагы, башка каалаган адис келип, курсту үзгүлтүккө учуратпай, сапаттуу улантып кете ала тургандай деңгээлдеги толук кандуу колдонмо. Студент үчүн болсо бул — семестр ичинде эмне иш кыларын ачык көрсөткөн жол карта.

ОМКнын курамына сабактардын бардык түрлөрүн, студенттердин өз алдынча иштерин, окуу жана өндүрүштүк практикаларын, билим берүү технологияларын ишке ашырууну, жетишүүнүн учурдагы көзөмөлүн жана аралыктык аттестацияны камсыз кылуучу окуу-методикалык документтер кирет.
Дисциплина (модуль) боюнча практика өткөрүлгөн учурда, практиканын бардык түрлөрүнүн программасы ОМКнын курамына киргизилет.
Окуу процессинде ОМКны иштеп чыгуу жана колдонуу бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүктүн картасын ишке ашырууга багытталат.

Окуу методикалык комплекс ОМК — бул жөн эле документ эмес, бул бүтүндөй бир дисциплинанын “паспорту” жана окутуу колдонмосу. ОМК эки бөлүктөн турат:1.Методикалык аппарат.2.Мазмундук бөлүк.

Ички блоктору:

- **Дисциплинанын жумушчу программасы же силлабус (ЖП же силлабус):** Мугалим менен студенттин ортосундагы негизги келишим. Бул жерде курстун максаты, студент ээ боло турган компетенциялар (эмнени билип, эмнени жасай алат), окутуунун натыйжалары,баалоо саясаты, жумалык пландар жана сааттардын бөлүнүшү көрсөтүлөт.
- **Теориялык материалдардын топтому:** Лекциялардын конспектилери же кыскача тезистери. Эгер курс аралыктан (онлайн) окутулса, видеолекцияларга, презентацияларга шилтемелер .
- **Практикалык/Лабораториялык иштердин усулдук көрсөтмөлөрү:** Ар бир сабакта студенттер эмне иш кылышат, кандай тапшырмаларды аткарышат — баары так жазылышы керек.
- **Окутуунун инновациялык технологиялары:** Сабак өтүүдө колдонулуучу инновациялык технологиялар, интерактивдүү тапшырмалар **жазылат.**
- **Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ):** Студенттин билимин текшерүүчү куралдар:
    - Аралык (модуль) жана жыйынтыктоочу (экзамен) көзөмөлдүн суроолору.
    - Тесттер, кейстер, ситуациялык маселелер.
    - Интерактивдүү тапшырмалар, эссе же долбоорлордун темалары..

- **Студенттердин өз алдынча иштери (СӨИ) :** Студент мугалимсиз, өз алдынча аткара турган тапшырмалардын тизмеси, аларды аткаруунун нускамалары, эрежелери жана мөөнөттөрү көрсөтүлөт да жумушчу программага өзүнчө пункт болуп кирет.
- **Маалыматтык камсыздоо:** Негизги жана кошумча адабияттардын тизмеси (акыркы 5–10 жылда чыккан китептер сунушталат), электрондук китепканалардын (ЭКТ) шилтемелери коюлат Негизги адабияттар окуу жайдын китепканасында болуп,саны студенттерге 2:1 катышта болот.

## 2. ОМКга коюлган негизги талаптар

Ар бир ЖОЖдун өзүнүн ички эрежелери (жоболору) болгону менен, ОМКны иштеп чыгууда жалпы мамлекеттик жана академиялык талаптар бар:

### 2.1. Мамлекеттик билим берүү стандартына (МББС) шайкештиги

ОМК тиешелүү адистиктин мамлекеттик билим берүү стандартына толугу менен дал келиши керек. Дисциплинаны өздөштүрүүдө калыптана турган **компетенциялар** (жалпы, жалпы -кесиптик, кесиптик) 2026-жылы иштелип чыккан мамлекеттик билим берүү стандарттарында көрсөтүлгөн эмес. Компетенциялар тиешелүү программа жетекчиси менен биргеликте жумушчу топ тарабынан **компетенциянын картасы** аттуу документ аркылуу иштелип чыгат. Ал эми компетенциялар аркылуу **окутуунун натыйжалары иштелет.**

Окутуунун натыйжалары **жалпы окутуунун натыйжалары** (Кыргыз Республикасынын КУАнын деңгээлдери) жана **кесиптик окуу натыйжалары** түрүндө иштелип чыгат.

Компетенциялар,окутуунун натыйжалары жумушчу программада так көрсөтүлүшү шарт.

### 2.2. Логикалуулук жана ырааттуулук

Темалар бири-бирин толуктап, “жөнөкөйдөн татаалга” принциби боюнча түзүлүшү керек. Лекцияда өтүлгөн теманын өзү практикалык сабакта кайрадан жазылбай, практикалык бөлүгүнөн негизги темалар жазылып, бышыкталып, андан кийин студенттердин алы жете турган бөлүгү өз алдынча ишке берилиши абзел.

### 2.3. Баалоонун ачыктыгы жана тактыгы (Критериалдуулук)

Эң негизги талаптардын бири — баалоо критерийлеринин тактыгы. Студент тиешелүү баасын алыш үчүн тапшырманы кандай деңгээлде аткарышы керек, кайсы жетишкендиктер үчүн балл чегерилет — мунун баары баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) бөлүгүн ар бир тапшырмага алдын ала жазылып, студентке маалым болушу талапка ылайык.

### 2.4. Актуалдуулук жана маалыматтардын жаңылыгы

ОМК жыл сайын жаңыланып турушу керек. Окутуунун усулу, дисциплинадагы илим менен техниканын өнүгүшү, мыйзамдар тез өзгөрүп жаткандыктан, эскирген маалыматтарды, өзгөчө адабияттар тизмесин актуалдуу адабияттар жана санариптик булактар менен толуктап туруу талап кылынат.

**2.5. Студентке багытталуусу (Интерактивдүүлүк)**

Заманбап талаптарга ылайык, ОМКда кургак теория эмес, студентти ойлонто турган, практикалык көндүмдөрүн өстүрө турган тапшырмалар (мисалы: кейс-стади, долбоордук иштер, интерактивдүү оюндар) көп болушу шарт.(тапшырмалардын түрлөрү 1-тиркемеде)

## 2.6.Жумуш берүүчү менен макулдашуусу

Жумуш берүүчүлөр менен макулдашылган окутуунун натыйжаларын иштөө жана аны баалоонун объективдүү жолдорун иштеп чыгуу;

**3. ОМК жазуудагы ырааттуулук төмөндөгүдөй болот:**

**3.1. Дисциплинанын жумушчу программасы же силлабус**

Дисциплинанын жумушчу программасын иштеп чыгууда тиешелүү кафедра тарабынан иштелип чыккан дисциплинанын үлгүлүү программасы колдонулат (ушундай программа бар болгон учурда).Жумушчу программада төмөндөгүлөр көрсөтүлөт.Жумушчу программа менен силлабус бир документ.(27.09.2024.№590 КР мин.кабинетинин токтому)

**3.1.1. Аннотация**

Дисциплинанын аннотациясы абитуриенттерди, студенттерди жана окутуучуларды окуу курсунун өзгөчөлүгү менен тааныштырууга багытталган. Аннотацияда дисциплинанын статусу, анын даректелиши, жумушчу программа даярдалган институт жана кафедра жөнүндө маалыматтар, дисциплинанын предметтик чөйрөсү, аны изилдөө процессинде калыптанган компетенциялар, көзөмөлдүн түрлөрү жана формалары, изилдөөнүн уюштуруу формалары жана анын жалпы эмгек сыйымдуулугу көрсөтүлөт.Ошондой эле, студенттин адис болушуна,кызматкер катары социалдык көндүмдөрүнүн өнүгүшүнө ушул дициплинанын канчалык салымы бар экендиги жазылат.

***3.1.2. Түшүндүрмө кат***

Түшүндүрмө катта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- курстун максаты (миссиясы) жана милдеттери;
- дисциплинанын негизги билим берүү программасынын түзүмүндөгү орду;
- дисциплинаны өздөштүрүүдө калыптануучу компетенциялар;
- ар бир цикл боюнча окутуунун натыйжалары;
- программанын өзгөчөлүктөрү: жаңылыгы, курсту окутууга автордук мамиленин оригиналдуулугу, кайрадан түзүлгөндүгү жана киргизилген өзгөртүүлөр, окуу дисциплинасынын предметин чагылдыруу жана кароо аспектилери, хронологиялык алкактары ж.б.
- Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу боюнча нускамалар

**3.1.3. Дисциплинанын түзүмү**

Дисциплинанын түзүмү курстун бардык темаларын жана окуу планы боюнча аларды изилдөөгө бөлүнгөн сааттардын санын камтыйт. Анда сабактардын түрлөрү (лекциялар, лабораториялык (практикалык) сабактар, консультациялар, өз алдынча иштер ж.б.), учурдагы текшерүүнүн жана аралыктык текшерүүнүн формалары көрсөтүлөт.

**Окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча курстун көлөмүн аныктоо:**

| № | Семестри | |
|---|---|---|
| | **Жалпы:** | **Кредит___ сааты___** |

| | | |
|---|---|---|
| **1** | **Аудиториялык:** | |
| | Анын ичинен: лекциялык | |
| | практикалык | |
| | лабораториялык | |
| **2** | **Студенттердин өз алдынча иштери** | |
| **3** | **Модуль** | |
| **4** | **Отчеттуулук** | |

***Курс боюнча сааттардын бөлүнүшү:***

| № | Курстун аталышы | Кредит | Жалпы саат | Лекция | Жумалык сааты | Практикалык сабак | Жумалык сааты | Өз алдынча иштер | Жумалык сааты | Жумуш ордунда окутуунун сааты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | |

***3.1.4. Өз алдынча иштердин темалары, кабыл алуу формалары жана аткаруу үчүн тапшырмалар***

| № | Темалары | Сааттын саны | ӨАИти аткаруу тапшырмалары (сааттын санына жараша бир нече тапшырмалар жазылат) | Кабыл алуу формасы | Колдонулган адабияттар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| | | | | | |

***Студентке өз алдынча ишти уюштуруу боюнча методикалык сунуштар***

Методикалык сунуштар студенттин убактысын дисциплинанын (модулдун) бөлүмдөрү жана өз алдынча иштин түрлөрү боюнча сарамжалдуу бөлүштүрүүгө багытталган. Сунуштар бөлүмүндө төмөнкүлөр көрсөтүлүшү мүмкүн: сабактарга даярдануу үчүн зарыл болгон материалдар (китептердин бөлүмдөрү, макалалар ж.б.), практикалык сабактардын жана лабораториялык иштердин пландарына шилтемелер, өз алдынча иш үчүн суроолор жана тапшырмалар. Методикалык сунуштарда студенттер окутуучу берген тапырмаларды кантип иштөө керек экендигине толук көрсөтмөлөр берилет.Мисалы долбоорду кантип жазат, кейстин көйгөйлөрүн чечүү, изилдөө иштеринин маниси,ж.б. тапшырмаларды түзүү

**(1-тиркемеден пайдаланса болот)**

***4. Билим берүүдө колдонулуучу инновациялык технологиялары***

Билим берүүнүн инновациялык технологиялары жалпы окутуунун жана кесиптик окутуунун компетенцияларын жана күтүлүүчү натыйжаларын калыптандырууга багытталган. Бул салттуу лекциялык, практикалык сабактардын окуу ишмердүүлүгүнүн формаларын интерактивдүү формаларга (ишкердик жана ролдук оюндар, конкреттүү кырдаалдарды талдоо, долбоор, кейс жазуу ж.б.) кеңири айкалыштырууну камтыйт. Сабактардын ар кандай формаларынын катышы МББСга ылайык негизги билим берүү программасынын максаты, дисциплинанын (модулдун) мазмуну менен аныкталат. **(Инновациялык технологиялар 2-тиркемеде берилди)**

**5. Студенттердин жетишкендиктерин баалоо системасын уюштуруу** “Билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтингдик системасы жөнүндөгү” жобосуна негизделип жүргүзүлөт.
Экзамендин баалоо шкаласы төмөндөгүдөй болот:
90-100-“5” эң жакшы
80-89 -“4” жакшы
60-79 -“3” канааттандырарлык
59-0- “2”канааттандырарлык эмес

Өтүм (зачет):
50-100 өттү
0-49 – өткөн жок

***6 .Баалоо жана көзөмөлдөө каражаттарынын, куралдарынын фонду (БКФ)***
**Баалоо каражаттарынын фондун иштеп чыгуу эрежелери ЖАМУнун “Студенттердин учурдагы жетишүүсүн жана аралык аттестациясын текшерүүдө баалоо каражаттарынын фондун түзүүнүн тартиби” жобосуна ылайык түзүлөт.**
**( Баалоо каражаттарынын болжолдуу тизмеси 3-тиркемеде берилди)**
Баалоо каражаттарынын дагы башка түрлөрү адистикке жараша жазыла берет. Дисциплина (модуль) боюнча баалоо каражаттарынын жыйындысы калыптана турган компетенциялардын түрүнүн жана окутуу натыйжаларынын деңгээлин аныктоого мүмкүндүк бериши керек.

**7.Дисциплинанын (модулдун) окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоосу**

7.1Дисциплинаны (модулду) окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоо төмөнкү бөлүмдөрдөн турган тизмени камтыйт:

- адабияттар (негизги, кошумча);
- булактар (негизги, кошумча);
- маалымдама жана маалыматтык басылмалар;
- программалык камсыздоо;
- Интернет ресурстары.

Тизмеде сунушталган негизги окуулуктар, окуу куралдары жана илимий адабияттар ЖАГУнун китепкана фондунда бар болгон басылмаларга таянат. Негизги адабияттар эки студентке бир китептен жетүү керек. Негизги адабияттардын тизмесине китепканада бар болгон электрондук ресурстар да кошулат.
Жалпы гуманитардык, математикалык табигый илимий циклдин базалык бөлүгүнүн дисциплиналары боюнча негизги окуу адабияттарынын тизмеси акыркы 10 жылдагы, ал эми башка кесиптик циклдердин базалык бөлүгү жана бардык циклдердин вариативдүү бөлүгү боюнча – акыркы5- 10 жылдагы басма/электрондук басылмаларды камтышы керек

***7.2. Дисциплинанын (модулдун) материалдык-техникалык камсыздоосу***
Дисциплинаны (модулду) материалдык-техникалык камсыздоо катары окутуу үчүн зарыл болгон жабдуулар, демонстрациялык приборлор, мультимедиалык каражаттар, окуу фильмдери,слайддар, интерактивдүү панелдер, аудиторияларга карата талаптар – компьютердик класстар, атайын жабдылган аудиториялар жана лабораториялар ж.б. көрсөтүлүшү мүмкүн.

**8.Дисциплинанын (модулдун) мазмуну**
**8.1.Лекциялык сабактардын планы**

Дисциплинанын лекцияга бөлүнгөн мазмуну бөлүмдөрдөн, бөлүмчөлөрдөн жана өзүнчө темалардан турушу керек. Мазмуну лекцияда каралуучу суроолордон турат жана сааттын саны көрсөтүлөт. Автор курсту изилдөө концепциясына ылайык материалды баяндоонун логикалык ырааттуулугун, хронологияны, илимдин өнүгүү тенденцияларын жетекчиликке алып, бөлүмдөрдүн жайгашуу тартибин жана ырааттуулугун өз алдынча аныктайтАр бир лекциядан кийин текшерүү үчүн суроолор же тесттик тапшырмалар коюлат. Колдонулган булактар келтирилет.

.

***9.1.Практикалык сабактардын планы***

Практикалык сабактардын планынын тематикалык бөлүмдөрү теманын аталышын жана аудиторияда студенттер аткара турган тапшырмаларга жана изилдөөгө бөлүнгөн сааттардын санын, изилдөө жана талкуулоо үчүн суроолорду, милдеттүү түрдө изилдөө зарыл болгон булактардын жана адабияттардын тизмесин (барактарын көрсөтүү менен) жана кошумча материалдарды камтыйт. Бардык аталган аталыштар дисциплина боюнча булактардын жана адабияттардын жалпы тизмесине шайкеш келиши керек.

Практикалык сабактарды интерактивдүү формада (ишкердик, ролдук оюн, диспут, дебат, ток-шоу ж.б.) өткөрүүдө алардын максаты, өткөрүү эрежелери, катышуучулардын ролдору, функциялары жана өз ара аракеттенүү схемасы, баалоо тутуму көрсөтүлгөн критерийлердин сыпаттамалары иштелип чыгат.

***9.2. Лабораториялык сабактардын планы жана аларды аткаруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр***

Пландын тематикалык бөлүмдөрү лабораториялык сабактардын темаларынын аталыштарын, аларды аткарууга бөлүнгөн сааттардын санын, тапшырмаларды аткаруу боюнча көрсөтмөлөрдү, окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо үчүн контролдук суроолорду, сабактардын темалары боюнча булактардын жана адабияттардын тизмесин камтыйт.

Тапшырмаларды аткаруу боюнча көрсөтмөлөр студенттин иш-аракеттеринин ырааттуулугун мүнөздөп, анын мурда алган теориялык билимдерине багыттап, көңүлүн эң маанилүү жана татаал учурларга бурушу керек.

10. ***ОМКны иштеп чыгуу***

10.1. ОМК тиешелүү даярдоо багыты (адистиги) боюнча окуу планынын ар бир дисциплинасы (модулу) боюнча окутуучу тарабынын иштелип чыгат.Өзү окутуп жаткан дициплинадан ОМК түзүү милдеттүү түрдө талап кылынат. Илимдин техниканын,окутуу методикасынын улам жаңыланышына байланыштуу жыл сайын өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат.

10.2.. Окуу пландарында дисциплинанын аталышы жана сааттардын (зачеттук бирдиктердин) саны, жалпы (ЖК) жана кесиптик (КК) компетенциялардын мазмуну жана курстун мазмуну дал келген шартта, бир нече даярдоо багыттары (профилдери), адистиктери үчүн бир ОМКны иштеп чыгууга жол берилет.

10.3. ОМКны иштеп чыгуу үчүн жоопкерчилик дисциплина бекитилген кафедрага жүктөлөт. ОМКны иштеп чыгуунун жооптуу аткаруучусуна көрсөтмө берип , бардык окутуучуларга ОМК жаздыруу жана текшерүү кафедра башчысынын милдети болуп саналат. ОМКны жеке окутуучу жана окутуучулар тобу иштеп чыга алышат.

*11.* ***ОМКны бекитүү***

11.1.. ОМКны бекитүү алгачкы жолу иштелип чыкканда жана ага бир убакта олуттуу өзгөртүүлөр киргизилген учурда жүзөгө ашырылат.

11.2. ОМКга автор-түзүүчү (окутуучулар жамааты тарабынан иштелип чыкканда – ушул жамааттын жетекчиси) кол коет.

11.3. Автор-түзүүчүнүн колу коюлган ОМК кафедранын кароосуна өткөрүлөт. Кароонун жүрүшүндө ОМКнын мазмуну, ошондой эле МББС жана НБП талаптарына шайкештиги бааланат. Эскертүүлөр жок болгон учурда кафедра башчысы ОМКны институттун методикалык кеңешинин кароосуна сунуштайт. Эскертүүлөр болгон учурда ОМК кайра иштеп чыгууга кайтарылат.

11.4. Кафедра жана институттун методикалык кеңеши тарабынан каралган ОМК университеттин методикалык кеңешинин кароосуна жана бекитүүсүнө өткөрүлөт. ЖАМУнун методикалык кеңешинде ОМК долбоордук тапшырмага шайкештиги, анын ичинде анда дисциплинанын (модулдун) окуу планынын түзүмүндөгү орду, калыптануучу компетенциялардын тизмеси, ар бир цикл боюнча окутуунун натыйжалары, окуу планына ылайык сааттардын жана зачеттук бирдиктердин саны ж.б. чагылдырылышы боюнча бааланат. Эскертүүлөр жок болгон учурда методикалык кеңеш жактырып,колдонууга сунуштайт.ЖАМУнун ОМК төрагасы бекитет. Эскертүүлөр болгон учурда ОМК кафедрага кайтарылат.

11.5. Бекитилген ОМК ЖББ НБП документтеринин курамына киргизилет жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

12. **ОМКга өзгөртүүлөрдү киргизүү**

12.1. ОМКнын окуу-методикалык материалдарына өзгөртүүлөр зарылчылыкка жараша киргизилет.

12.2. Өзгөртүүлөрдү киргизүүгө төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

- ушул даярдоо багыты (адистиги) боюнча ЖКБ МББСнын жана башка ченемдик мүнөздөгү документтердин өзгөрүшү;
- ушул даярдоо багыты боюнча НБПнын жаңыланышы, анын ичинде окуу планынын такталышы,окуу натыйжаларын жаңылоо боюнча кызыктар тараптын сунуштарынын болушу;
- илимдин, техниканын, маданияттын, экономиканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшү,окутуунун технологияларынын жаңыланышы;
- жаңы адабияттардын сатылып алынышы жана басылып чыгышы;
- башка негиздер.

12.3. Өзгөртүүлөр кафедранын протоколу менен тастыкталат. Ал ОМКнын ажырагыс бөлүгү болуп саналган өзүнчө “Өзгөртүүлөр баракчасында” таризделет. Өзгөртүүлөрдү бекитүү ОМКны иштеп чыгуудагыдай эле тартипте жүзөгө ашырылат.

13. **ОМКнын жеткиликтүүлүгү**

13.1. ОМК кагаз жүзүндө жана электрондук алып жүрүүчүдө НБПнын жетекчисинде, НБПнын документтеринде жана ушул дисциплинаны (модулду) окутуу бекитилген кафедрада, ошондой эле окуу-методикалык кабинетте сакталат.

13.2. ОМКнын электрондук версиясы НБПнын жетекчиси жана окутуучу тарабынан жалпы университеттик маалыматтар базасына (AVN) сабак башталган күнгө чейин жайгаштырылат,ар бир студентке жеткирилет.

13.3. НБПнын жетекчиси, кафедра башчысы, окутуучу кызыктар тарапка, студенттерге жана профессордук-окутуучулук курамга ОМКнын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылышат.

**Түзүүчүлөр:**
**Кубаков С.Ж**
**Турдубаева Б.М**
**Мирзахмедова А.А**

**1-тиркеме**

**Тапшырмалардын түрлөрү**

1. **Репродуктивдүү тапшырмалар (Базаны текшерүү)**

***Максаты:*** Студенттин терминологияны жана негизги концепцияларды өздөштүргөнүнө ынануу.

- **Тест блогу:** Жабык суроолор (бир же бир нече жоопту тандоо) жана ачык суроолор (аныктаманы толуктап жазуу).
- **Терминологиялык диктант:** Дисциплинанын глоссарийи (сөздүгү) менен иштөө.
- **Интеллект-карта түзүү:** Изиленип жаткан теманын түзүмүн визуалдаштыруу же түшүнүктөрдү классификациялоо.

***2. Практикага багытталган тапшырмалар***

***Максаты:*** Теорияны стандарттуу кырдаалдарда колдонууга үйрөтүү.

- **Кейс-стади :** Реалдуу көйгөйлүү кырдаалды сыпаттоо; студент өтүлгөн материалга таянып, аны талдап, чечим сунушташы керек.
- **Салыштырмалуу талдоо:** Мисалы, берилген критерийлер боюнча эки ыкманы, текстти же методиканы таблица формасында салыштыруу.
- **Булактар менен иштөө:** Конкреттүү макалаларды, ченемдик документтерди же санариптик китепканалардын маалыматтарын талдоо.

***3.*** **Студенттердин өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар (СӨИ)**

***Максаты:*** Билимди тереңдетүү жана маалымат издөө, изилдөө көндүмдөрүн өнүктүрүү.

- **Эссе же реферат даярдоо:** Көйгөйлүү суроого кеңири жооп берүү (мисалы: «Санариптештирүүнүн [дисциплинанын аталышы] өнүгүшүнө тийгизген таасири»).
- **Адабияттарга талдоо жүргүзүү:** Тема боюнча 2–3 актуалдуу тапшырмаларга кыскача сын-пикирдеги баяндама жазуу.
- **Издөө жана изилдөө тапшырмасы:** Конкреттүү эрежени же кубулушту чагылдырган мисалдарды ачык маалымат базаларынан табуу. Дициплинанын өзгөчөлүгүнө жараша студент изилдей алуучу тапшырмаларды берүү

**4. Көзөмөлдөө-диагностикалык тапшырмалар**

***Максаты:*** Компетенциялардын калыптанышын, окутуунун натыйжаларына жетишүүнү текшерүү.

- **Долбоордук иш:** Жыйынтыгы презентация, модель же отчет болуп саналган топтук же жеке изилдөө.
- **Ситуациялык маселелер:** «Эгерде... болсо, сиз эмне кыласыз?» деген сыяктуу тапшырмалар (стандарттуу эмес шарттарда иш-аракет кылуу жөндөмүн текшерүү)

**2-Тиркеме**

**Инновациялык педагогикалык технологиянын белгилери:**

- Жаңылануунун элементтери бар.
- Билим берүүнүн жаңы натыйжаларына (функционалдык сабаттуулук, 21-кылымдын көндүмдөрү ж.б.у.с.) жетишүүгө багыт алуу
- Билим алуучулардын жана окутуучулардын иш-аракетин уюштуруудагы ишмердүүлүк мамилеси. Студент билимди теорияны, эрежелерди жаттоо процессинде эмес, аны кызыктырган максатка жетүү үчүн иш-аракет процессинде алат.
- Билим алуучунун өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен анын инсандыгын интеллектуалдык, чыгармачылык жактан өнүктүрүүгө басым жасоо.
- Окутуучу менен студенттин ортосундагы мамиле жаңыланат. Окутуучунун ролу билим трансляторунан иш-аракетти уюштуруучу фасилитаторго айланат.
- Мотивациялык, жагымдуу чөйрөнү түзүлөт
- Сынчыл ой жүгүртүү жана изидөөчүлүгү өнүгөт
- Санарип жана интерактивдүү чөйрөнү колдонот

**ОМКга киргизүүгө сунушталган эң натыйжалуу технологиялар:**

- **Интерактивдүү жана санариптик куралдар:** Интерактивдүү доскалар, онлайн платформалар (Moodle, ClassDojo, Canva, Kahoot, Quizizz тесттери )
- **Сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүүчү методдор:** Блумдун таксономиясын колдонуу, Синквейн, «Балык сөөгү» (Fishbone), «INSERT» методу.ББкБ, кубик, графикалык уюштуруулар, Галерея боюнча тур, автордук кресло, авторго суроо, адабий кружоктор, аргументтештирилген жана аналитикалык эссе ж.б. стратегиялар
- **Кызматташтып окутуу**: кабарлашып окутуу, зиг заг, топтогу долбоорлор, долбоор жазуу, мозаика методу.
- **Реалдуу кейстердин жыйнагы:** М: Өндүрүштүк, экологиялык, ESG же башкаруучулук ж.б. көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган тапшырмалар.
- **Симуляциялар жана ролдук оюндар:** Тармактык процесстерди моделдештирүү боюнча методикалык нускамалар.
- **Кургак теорияны азайтуу**, өндүрүш жана эмгек рыногунун талабына ылайык практиктер үчүн колдонмолорду, кейстерди түзүү.
- Долбоордук окутуу технологиясы
- Изилдөө технологиясы
- Окутуунун симуляциялык технологиясы (моделдөө)
  Инсанга багыттап окутуу технологиясы

**3-тиркеме**

***Баалоо каражаттарынын болжолдуу тизмеси***

| № | Баалоо каражатынын аталышы | Баалоо каражатынын кыскача мүнөздөмөсү | Баалоо каражатын БК фондуна көрсөтүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Иштиктүү жана/же болбосо ролдук оюндар | Окуу жана кесипке багытталган маселелерди оюн жолу менен реалдуу проблемалуу кырдаалды чечүү максатында педагогикалык кызматкердин жетекчилиги астында билим алып жаткандардын тобу менен педагогикалык кызматкердин биргелешкен ишмердүүлүгү. Баалоо каражаттарынын бул формасы ык-машыгууларды баалоого, типтүү кесиптик тапшырмаларды анализдөөгө жана чечүүгө мүмкүндүк берет. | Тема (көйгөй), концепция, ролдор жана ар бир оюн боюнча күтүлүүчү натыйжа |
| 2 | Кейс-маселе | Көйгөйдү чечүү үчүн зарыл болгон, билим алуучуга реалдуу кесипке багытталган кырдаалды түшүнүүнү сунуштаган көйгөйлүү тапшырма | Кейс-маселелерди чечүү үчүн тапшырмалар |
| 3 | Коллоквиум | Дисциплинанын темаларынын, бөлүмүнүн же бөлүмдөрүнүн окуу материалдарын өздөштүрүүсүн текшерүүнүн каражаты. Бул билим алып жаткандар менен педагогикалык кызматкердин аңгемелешүүсү түрүндөгү сабакты уюштуруу каражаты | Дисциплина боюнча темалар/бөлүмдөр боюнча суроолору |
| 4 | Текшерүү иши | Тема же болбосо бөлүм боюнча белгилүү типтеги маселелерди чечүү үчүн алган билимин колдоно билүүсүн текшерүү каражаты | Варианттар боюнча текшерүү иштердин толук жыйнагы |
| 5 | Тегерек стол, талкуулоо, полемика, диспут, дебаттар | Билим алып жаткандарды талаш болгон суроолорду, көйгөйлөрдү талкуулоого катыштыруу жана өз көз карашын далилдөөнү билгендигин текшерген баалоо каражаты. | Тегерек стол, дискуссия, полемика, диспут, дебаттарды өткөрүү үчүн дискуссиялык темалардын тизмеси |
| 6 | Портфолио | Бир же болбосо бир нече дисциплиналарда студенттердин өзүнчө билим алуудагы жетишкендигин ачып бере алган иштеринин максаттуу топтому | Портфолионун түзүлүшү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7 | Долбоор | Окуу жана изилдөө тапшырмалардын комплексин пландоо жана аткарууда алынган жыйынтыктарынын акыркы натыйжасы. Билим алып жаткандарга өз алдынча практикалык тапшырмаларды жана көйгөйлөрдү чечүү процессинде өздөрүнүн билимин өз алдынча баалоого көмөктөшөт. Долбоор өз алдынча же болбосо билим алып жаткандардан турган топ аркылуу аткарылат. | Топтук жана жекече долбоорлордун темалары |
| 8 | Жумушчу дептери | Билим алуучунун өз алдынча иштөөсү үчүн багытталган жана окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин баалоого мүмкүнчүлүк берген дидактикалык комплекс | Жумушчу дептердин үлгүсү |
| 9 | Түрдүү деңгээлдүү маселелер жана тапшырмалар | Маселелер жана тапшырмалардын төмөндөгүдөй түрлөрү айырмаланат: а) фактылык материалды билүүсүн баалоо жана диагноздоого мүмкүндүк берүүчү жана атайын термин, түшүнүктөрдү туура колдоно билүүнүн репродуктивдик деңгээли; б) фактылык жана теориялык материалдарды жалпылоону, анализдөөнү билүүсүн баалоо жана диагноздоого мүмкүндүк берген реконструктивдик деңгээл в) ык-машыгууларга ээ болуусун баалоого жана диагноздоого мүмкүндүк берген, ар кандай тармактагы билимди интеграциялоону, жеке көз карашты далилдөөнү берген чыгармачылык деңгээл | Түрдүү деңгээлдүү маселелер жана тапшырмалардын толук жыйнагы |
| 10 | Эсептик графикалык иштер | Мурда белгиленген усул боюнча маселелерди иштеп чыгуу же болбосо дисциплина, модул боюнча алган билимин колдоно билген текшерүү каражаты. | Эсептик графикалык ишти аткаруу үчүн тапшырмалардын толук жыйнагы |
| 11 | Реферат | Белгилүү бир илимий (окуу-изилдөөчү) тема боюнча алынган теориялык анализдин жыйынтыктарын жазуу жүзүндө кыскача баяндап жазган студенттин өз алдынча ишинин натыйжасы. Мында автор | Рефераттардын темасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | изилдеген теманын негизги маңызын ачып көрсөтөт, ар түрдүү көз карашты талдоого алат жана өзүнүн жеке көз карашын чагылдырат. | |
| 12 | Доклад, маалымат | Белгилүү окуу-практикалык, окуу-изилдөө же илимий темалар боюнча алынган натыйжалардын чечимин эл алдына чыгып сүйлөө бул студенттин өз алдынча ишинин түшүмү. | Доклад, маалыматтардын темалары |
| 13 | Аңгемелешүү | Белгилүү бир бөлүм, тема, көйгөй ж.б. боюнча билим алуучунун билимин аныктоого арналган, окуп жаткан дисциплина менен байланышкан тема боюнча педагогикалык кызматкер жана окуучунун атайын уюштурулган аңгемелешүүсүн текшерүү каражаты | Дисциплинанын тема/бөлүмдөрү боюнча суроолору |
| 14 | Чыгармачылык тапшырма | Стандарттан сырткары чечими бар жана ар тараптуу билимин интеграциялоого жана диагностикалоого, өзүнүн жеке көз карашын далилдөөгө мүмкүнчүлүгү болгон жарым жартылай регламенттелген тапшырма. Өз алдынча же болбосо окуп жаткандардан турган топ аркылуу аткарылса болот. | Топ жана/же болбосо жекече чыгармачылык тапшырмалардын темалары |
| 15 | Тест | Билим алып жаткандардын билим деңгээлин өлчөө процедурасын автоматташтырууга мүмкүндүк берген стандартташтырылган тапшырмалардын системасы | Тесттик тапшырмалардын фонду |
| 16 | Тренажер | Студенттин калыптандырылган кесиптик жөндөмдүүлүгүн жана конкреттүү материалдык обьекти башкара билүү ыкмаларын текшерүүдө колдонулган техникалык каражат | Тренажердо иштөө үчүн тапшырмалардын толук жыйнагы |
| 17 | Эссе | Билим алып жаткандардын коюлган көйгөй боюнча өз оюн жазуу жүзүндө айтып берүүсүнө, өз алдынча тиешелүү дисциплинанын концепциясын колдонуу менен анализ жүргүзүүсүнө, коюлган көйгөй боюнча автордук позициясын жалпылоого баа берүүгө мүмкүндүк берген каражат. | Эссенин тематикасы |